**Ж. БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН Б. ЖАМГЕРЧИНОВ АТЫНДАГЫ ТАРЫХ, АРХЕОЛОГИЯ ЖАНА ЭТНОЛОГИЯ ИНСТИТУТУ**

**Диссертациялык кеңеш Д 07.23.671**

# ПРОТОКОЛ № 35

**Бишкек ш.** **18.10.2024ж.**

**Төрага: Осмонов Ө. Ж. - т.и.д., профессор**
**Окумуштуу катчы: Карыева А. К.- т.и.д., доцент**

**Катышкандар:**

1. Осмонов Өскөн Жусупбекович (төрага) - т.и.д. (07.00.02), профессор.
2. Карыева Анара Карыевна (окумуштуу катчы) - т.и.д. (07.00.02; 07.00.09), доцент.
3. Алымбаев Жээнбек Байыскулович - т.и.д. (07.00.09; 07.00.09), профессор.
4. Арзыматова Айнура Атыгаевна - т.и.д. (07.00.02; 07.00.03), профессор.
5. Джуманалиев Акылбек - т.и.д. (07.00.02), профессор.
6. Жакыпбеков Жаныбек - т.и.д. (07.00.09), доцент.
7. Кылычов Акылбек Мукаевич - т.и.д. (07.00.09; 07.00.09), профессор.
8. Муханметханулы Набижан – т.и.д. (07.00.03), профессор. (*Онлайн*)
9. Ормушев Асан Сулайманович - т.и.д. (07.00.02), профессор.
10. Эсенкулов Нурмамат Жокенович - т.и.д. (07.00.02), доцент.

## КҮН ТАРТИБИНДЕ:

1. Курманалиев Кубатбек Амановичтин “Кыргызстандын XX кылымдын 20-30-жылдарындагы административдик-аймактык түзүлүшү” 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясын алдын ала коргоо. *Илимий жетекчи:* Усупова Назира Стамбековна - т.и.д. профессор

**Төрага:** Күн тартибине кандай сунуштар бар? Урматтуу кесиптештер, добуш берүүңүздөрдү суранам:
«МАКУЛ»: бир добуштан кабыл алынды.

**Төрага:** Диссертанттын аттестациялык иши боюнча баяндоо үчүн сөз диссертациялык кеңештин илимий катчысы т.и.д. А.К. Карыевага берилет.

**Окумуштуу катчы:** Саламатсыздарбы, Урматтуу диссертациялык кеңештин мүчөлөрү изденүүчүнүн аттестациялык делосу менен тааныштырды.

**Төрага:** Урматтуу кесиптештер, диссертанттын аттестациялык делосу боюнча суроолоруңуздар барбы? Эгерде суроолор жок болсо, анда сөз изилденүүчүгө берилет.

**Курманалиев К. А.:** Урматтуу диссертациялык кеңештин төрагасы, мүчөлөрү биздин илимий эмгектин темасынын актуалдуулугу - кыргыз элинин адегенде автономиялуу область, автономиялык, андан кийин союздук республика статусундагы мамлекеттүүлүгүнө ээ болуу маселеси жана мамлекеттүүлүк мезгилиндеги Кыргызстандын административдик түзүлүшү болуп саналат. Бул этаптар 1991-жылы мамлекеттик көз карандысыздыкты алуу үчүн укуктук негиз болуп калган ырааттуу кадамдар эле. Эгемендик алгандан бери 30 жылдан ашык убакыт өтсө дагы, Кыргызстанда улуттук-мамлекеттик түзүлүштүн эң татаал маселелери толук изилдене элек. Кыргызстандын Конституциясына киргизилген бир катар өзгөртүүлөр жана толуктоолор муну далилдеп турат.

Кыргыз Республикасынын Президентинин “2026-жылга чейин Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн Улуттук программасында” административдик – аймактык түзүлүштү реформалоо артыкчылыктуу багыттардын бири катары аныкталган. Анда азыркы учурда региондорду өнүктүрүүдө чоң диспропорциялар, башкаруу деңгээлдеринин ортосунда башкаруучулук ажырым, региондор аралык байланыштын начардыгы, ресурстардын борбордо топтолушу жана региондордун декапитализациясы белгиленген.

Үстүбүздөгү жылы Кара-Кыргыз автономиялуу областынын түзүлгөнүнүн 100 жылдыгы белгиленип жатканда маселенин маанилүүлүгү артып жаткандыгы шексиз. КР Президентинин “Кара-Кыргыз автономиялуу областынын түзүлгөндүгүнүн 100 жылдыгын белгилөө жөнүндө” жарлыгында кыргыз эли жана анын түпкүлүктүү аймагы автономия менен чектелген жаңы өз алдынча мамлекеттик түзүлүштүн алкагында бириктирип, элдин туруктуу аймактык, экономикалык жана маданий жактан жалпы биригүүсүнө өбөлгө түзүп, социалдык-экономикалык кайра түзүү жана элди улутка консолидациялоо процесстерин тездеткени белгиленген.

Административдик-аймактык түзүлүштү реформалоонун негизги багыты Кыргыз Республикасынын административдик-аймактык түзүлүшүнүн жаңы модели эки курамдык бөлүктү: биринчиси бийликтин натыйжалуу вертикалын түзүүгө мүмкүндүк берүүчү мамлекеттик башкаруунун жаңыланган системасын түзүүнү, экинчиси башкаруу системасын реформалоону ишке ашырууга мүмкүндүк берүүчү жаңы административдик-аймактык бөлүүнү камтыйт. Бул максатты ишке ашырууда XX кылымдын 20-30-жылдарындагы мамлекеттүүлүктүн калыптанышынын тарыхый тажрыйбасына таянуу жана пайдалануу маселени чечүүнүн натыйжалуу жолдорунун бири катары кызмат кылат.

Ушуга байланыштуу Кыргызстандагы мамлекеттик түзүлүштүн алгачкы кадамдарынын бай тажрыйбасын ар тараптуу изилдөө жана эске алуу административдик-аймактык түзүлүштү реформалоонун заманбап процесстерин ийгиликтүү ишке ашыруу үчүн өзгөчө мааниге жана актуалдуулукка ээ.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери**. Совет бийлигинин алгачкы жылдарында улуттук мамлекеттүүлүккө умтулуу жана түптөө мезгилиндеги административдик-аймактык бөлүштүрүү процессинин тарыхын изилдөө болуп саналат.

Изилдөөнүн максатына жетүү үчүн төмөндөгүдөй милдеттер коюлган:

1. Советтик доорго тиешелүү адабияттарга тарыхнаамалык талдоо жүргүзүү;
2. Постсоветтик доордогу адабияттарга тарыхнаамалык талдоо жүргүзүү;
3. Диссертациялык иштин темасы боюнча булактарды аныктоо жана аны ачып берүүдөгү маанисин көрсөтүү;
4. Изилдөөнүн илимий теорялык негизин жана методологиясын аныктоо;
5. Түркстан АССРнин курамындагы административдик-аймактык түзүлүштүн өзгөчөлүгүн ачып берүү;
6. Кара-Кыргыз автономиялуу областынын түзүлүшү, административдик бөлүнүшүн талдоо;
7. Кыргызстандагы округдук-болуштук башкаруунун өзгөчөлүктөрүн аныктоо;
8. Кыргызстандагы райондоштурууга түрткү болгон себептерди талдоо;
9. Административдик-аймактык түзүлүштүн кантондук системасына өтүүнүн себептерин жана натыйжаларын ачып берүү.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы**:

– биринчи жолу изилденип жаткан мезгилдеги Кыргызстандын административдик-аймактык түзүлүшүнүн калыптанышына жана өзгөрүшүнө шарт түзгөн бир катар тарыхый, географиялык, социалдык-экономикалык, саясий факторлор каралды.

– Архивдик жаңы маалыматтардын негизинде Кыргызстандын Түркстан АССРнин курамындагы аймактык түзүлүшү аныкталды;

– Кара-Кыргыз автономиялуу областынын административдик-аймактык түзүлүшүнүн калыптануу процесси жана этаптары такталды;

– изилденип жаткан мезгилдеги Кыргызстандын административдик-аймактык түзүлүшүнүн тез-тез өзгөрүшүнүн себептери аныкталды;

– Кыргызстандын XX кылымдын 20-30-жылдардагы административдик аймактык түзүлүшүнө байланыштуу Кыргыз Республикасынын Борбордук Мамлекеттик архиви менен Кыргыз Республикасынын коомдук-саясий документтер архивинин фондундагы материалдар алгачкылардан болуп илимий диссертациянын деңгээлинде изилденди жана илимий айлампага киргизилди;

– XX кылымдын административдик аймактык түзүлүшүнүн өзгөчөлүктөрү, багыттары, натыйжалары келечектеги модели үчүн төмөнкүдөй принциптүү жоболор белгиленди: 1) мамлекеттик башкарууну топтоону азайтуу; 2) 2) жаңы административдик чектерди айрым райондордун экономикалык өнүгүү

факторлору менен байланыштыруу; 3) жаңы административдик-аймактык бирдиктерге ылайык социалдык-экономикалык өнүгүү маселелерин чечүү;

**Диссертациянын коргоо боюнча негизги жоболору:**

1. Административдик-аймактык түзүлүштүн принциптери жана формалары ар бир мамлекеттин эң маанилүү элементи экенин адамзаттын тарыхы ачык-айкын көрсөтүп турат. Ал өлкөнүн саясий, социалдык-экономикалык, маданий өнүгүшүнүн милдеттерин чечүүдө, калктын турмуш деңгээлин жогорулатууда маанилүү роль ойнойт.

2. Совет бийлигинин орношу менен Кыргызстан Түркстан АССРнин курамына кирип, мурдагы Түркстан генерал-губернаторлугунун мезгилиндеги: Закаспий, Самарканд, Жети-Суу, Сыр-Дарыя жана Фергана областтарынан турган административдик бөлүнүштү өзгөртүүсүз сактап калган. Областтар кезегинде уезддерге жана болуштуктарга бөлүнгөн.

3. 1918-жылы Совет бийлиги орногондон кийин азыркы Кыргызстандын аймагы Түркстан АССРнин курамына киргизилген. Түркстанда узак убакыт бою падышачылык тарабынан түзүлгөн аймактык бөлүнүү сакталып турган. Бирок бул административдик-аймактык түзүлүш социалдык-экономикалык кайра курууларды ишке ашырууну кыйындаткан, ага байланыштуу 1920-жылы эле Орто Азияны улуттук-аймактык бөлүштүрүү, ошону менен бирге өз алдынча автономия түзүү маселеси коюлуп келген.

4. 1920-жылы эл каттоо жүргүзүлүп, анын жүрүшүндө экономикалык маалыматтар менен бирге улуттук-этникалык курамы жөнүндө маалыматтар алынган. Кээ бир болуштуктарда (Фергана өрөөнүнүн болуштуктары жана бир катар башка болуштуктар) ар кандай себептерден улам эл каттоо жүргүзүлгөн эмес.

Тилекке каршы, бул эл каттоо аймактагы иштин чыныгы абалын көрсөткөн жок. Улуттун аныктамасын ар кандай чечмелөөгө жол берилип, бир катар учурларда Түркстандын улуттук курамы жөнүндөгү маалыматтар атайылап бурмаланган.

Мындан тышкары, көп учурда кыргыздар менен казактар бир графага (казактар) киргизилип, кыргыздардын санын бир топ кыскарткан.

Бул көрүнүштүн негизги себептери: калктын көпчүлүгүнүн киргизилген улут түшүнүгүн билбегендиги, тургундардын сабатсыздыгы, уруулук калдыктардын сакталышы ж.б.у.с. Кыргыздардын бир кыйла бөлүгү өздөрүн уруулук мүнөзүнө жараша аташкан. Натыйжада, бул каталар 1920-жылдагы эл каттоодо бир топ так эместиктерге алып келген.

5. XX кылымдын 20-30-жылдарында кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн түптөлүшү өлкөнүн коомдук-саясий турмушундагы эң маанилүү окуя болуп калды. Ал жергиликтүү деңгээлде мамлекеттик бийликти уюштуруунун эффективдүү формаларын калыптандырууга, мамлекеттик башкаруу системасын өркүндөтүүгө гана эмес, ошондой эле коомдук турмуштун бардык чөйрөлөрүндөгү прогрессивдүү практикалык кайра түзүүлөрдүн негизин түздү.

6. Кара-Кыргыз Автономиялу Областын түзүүдө административдик түзүлүш маселеси райондук жана уезддик-болуштук бөлүнүштөрдүн пайдасына чечилген,

анын себептери географиялык-климаттык шарттарды, ошондой эле экономикалык факторлорду, мисалы, көчмөн жана отурукташкан райондордо соода байланышын эске алуу болгон. Ошону менен бирге округдук-райондук-волосттук жана уезддик-волосттук бийликтерди кармоого да каражат каралган.

7. Областын автономиялуу республикага айланышы менен бийликке жергиликтүү калкты мамлекеттик ишке тартуу боюнча жаңы милдеттерди койгон. Мындан тышкары жер маселеси, жайыттарды пайдалануу көйгөйлөрү курч болгон. Ушуга байланыштуу кантондук бөлүнүү жөнүндө чечим кабыл алынган. Мындан тышкары, экономикалык байланыштар жана табигый-географиялык шарттар да эске алынган. Натыйжада 7 кантон түзүлүп, алар 52 болуштукка жана 455 айылдык кеңешке бөлүнгөн.

8. Жаңы болуштуктарды уюштуруу жана административдик түзүлүштүн кантондук системасына өтүү процессинде областтык райондоштуруу комиссиясы айрым волосттор боюнча такталбаган, эскирген маалыматтарды көп колдонгон. Каракол-Нарын районунун так чек араларынын чиймелери болгон эмес.

Ош округунда ар кандай себептерден (карталардын жана башка документтердин жоктугунан) райондоштуруу боюнча кызматкерлер кээ бир болуштуктардын болжолдуу административдик чектерин дагы белгилей алган эмес. Мамлекеттик түзүлүштүн кызыкдар тараптары менен алдын ала атайын келишим түзүлбөгөндүктөн Өзбекстан менен талаштуу аймактардын конкреттүү жайгашкан орду аныкталган эмес.

9. 1928-жылы болуштук бөлүнүштөн райондук бөлүнүүгө өтүү башталган. 1929-жылга карата Кыргыз АССРинин аймагы 1 округ, 5 кантон, 13 район, 29 болуштукка жана 441 айылдык кеңешке бөлүнгөн.

Бирок 1930-жылы кантондук бөлүнүш жоюлуп, Кыргыз АССРинин аймагы райондорго, алар айылдык кеңештерге бөлүнгөн.

Биздин оюбузча, административдик-аймактык түзүлүштүн мындай тез-тез өзгөрүшү бийликтин Кыргызстандын аймактарынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн бардык өзгөчөлүктөрүн толук эсепке албастан, бул маселеге үстүртөн мамиле кылганынан улам келип чыккан. Бул тажрыйбаны, каталарды жана кемчиликтерди Кыргызстандын административдик-аймактык түзүлүшүн реформалоонун заманбап процесстеринде эске алуу өтө маанилүү.

Диссертация киришүүдөн, төрт баптан жана тогуз бөлүмдөн турат.

Кыргызстандын XX кылымдын 20-30-жылдарындагы административдик-аймактык түзүлүшүн изилдөөнү натыйжасында төмөндөгүдөй **тыянактарга** келдик:

1. Каралып жаткан мезгилдеги Кыргызстандын административдик-аймактык түзүлүшүнүн калыптануу жана өнүгүү тарыхын үч этапка бөлүүгө болот. Алардын биринчиси Россия империясынын курамындагы Кыргызстандагы биринчи жолу административдик-аймактык бөлүнүү киргизилген мезгилди камтыйт. Бул түзүлүш «аскердик-элдик башкаруу» деп аталган принципке негизделип, ага ылайык Кыргызстандын аймагы төрт областка, уезд, волост жана айылдарга бөлүнгөн. Совет бийлигинин орношу менен Кыргызстан Түркстан АССРнин курамына кирип, мурдагы Түркстан

генерал-губернаторлугунун мезгилиндеги: Закаспий, Самарканд, Жети-Суу, Сыр-Дарыя жана Фергана обасттарынан турган административдик бөлүнүштү өзгөртүүсүз сактап калган. Областтар кезегинде уезддерге жана болуштуктарга бөлүнгөн. Административдик-аймактык түзүлүштүн экинчи этабы ККАО түзүлүп, округдук жана райондук-болуштук бөлүнүштүн пайдасына чечим кабыл алынгандан кийин башталган. Кыргызстандын административдик-аймактык түзүлүшүнүн тарыхынын үчүнчү этабы 1926-жылдын февраль айында Кыргыз Автономиялык областы КАССР болуп өзгөртүлгөндөн кийин башталган. Жаңы административдик бөлүштүрүүгө ылайык округдардын ордуна Чүй, Талас, Каракол, Нарын, Ош, Жалал-Абад, Фрунзе кантон түзүлгөн. Кантондор 52 болуштукка бөлүнгөн. 1930-жылы кантондук бөлүнүш жоюлуп, Кыргыз АССРнин аймагы райондорго жана айылдык кеңештерге бөлүнгөн.

2. Диссертациялык изилдөөнүн тарыхнаамалык талдоо бир катар эмгектерде Кыргызстандын административдик-аймактык түзүлүшүнүн айрым аспектилерин камтыгандыгын көрсөттү. Бирок бул маселе бүгүнкү чейин илимий изилдөөнүн объектиси катары карала элек.

3. Диссертациянын негизги булактарын архивдик документтер түздү. Аларга съезддердин токтомдору, протоколдору, ККАОнун ревкомунун пленардык жыйындарынын материалдары, областты райондоштуруу боюнча комиссиялардын чечимдери, Бүткүл россиялык Борбордук Аткаруу Комитетинин декреттери, ККАОнун административдик бөлүнүшү ж.б. документтер кирет. Аларды талдоо аймактын административдик-аймактык түзүлүшүнүн калыптануу тарыхындагы этаптарын, ошондой эле бул процесстерде кетирилген кыйынчылыктарды жана кемчиликтерди аныктоого мүмкүндүк берди.

4. Совет бийлиги орногондон кийин жер-жерлерде Советтер түзүлүп, аларга административдик, чарбалык, финансылык, маданий-агартуу милдеттери жүктөлгөн. Түркстан крайынын Эл Комиссарлар Совети ишмердигин жөнгө салуу максатында 1917-жылы «Жумушчу, солдат жана дыйкан депутаттарынын жергиликтүү кеңештерин уюштуруу жөнүндө жобо» кабыл алып, анда аткаруу бийлигинин түзүмү: область, уезд, болуштук, шаарлар жана кыштактар бекитилген.

5. Райондоштуруу процессинде чечүүчү ролду, биринчи кезекте, улуттук маселедеги жалпы түрк ураандарын жоюу маселесин чечүүгө большевиктердин каалоосу менен шартталган саясий мотивдер ойногон. Буга байланыштуу большевиктер бөлүштүрүүнү биринчи кезекте улуттук аспектиге негиздеп, ошону менен этникалык өзүн-өзү аңдоонун өсүшүн тездеткен. Ошол эле учурда улуттук-аймактык бөлүштүрүү, мамлекеттүүлүктү түзүү процесстерин эл каттоонун маалыматтарын эске алуу менен большевиктер улуттук саясий күчтөр менен бирге чечкендигин моюнга алуу керек.

6. Бул саясаттын натыйжасында РСФСРдин курамындагы ККАОнун административдик-аймактык түзүлүшүнө 75 болуштук, алты шаар, 727 айыл, 721 кыштак жана 5 хутор бириктирилген. Алардын ичинде ККАОнун курамына Фергана областынын: Анжиян уездинен 10 болуштук, Наманган уездинен 10 болуштук, Фергана уездинен 5 болуштук, Кокон уездинен 2 болуштук, Ош

уездинен 13 в болуштук; Сыр-Дарыя областынан: Олуя-Ата уездинен 14 болуштук; Жети-Суу областынын: Пишпек уездинен 7 болуштук, Нарын уездинен 7 болуштук, Пржевальск уездинен 8 болуштук кирген.

Област Жалал-Абад жана Пишпек округдарына бөлүнүп, биринчиси эки уездден: Ош жана Жалал-Абад, экинчиси төрт уездден: Пишпек, Каракол, Нарын, Олуя-Атадан (Тоолуу) турган.

Ошентип, ККАОнун аймагында административдик айылдар, шаарлар, көчмөн жана европалык болуштуктар (айыл конуштары), уезддер (Нарын жана Пржевальск), эки округ (Пишпек жана Жалал-Абад) жана бир округ ( Тоолуу) ишмердүүлүгүн жүргүзгөн.

7. Облревкомдун, округдук ревкомдордун ККАОнун мамлекеттик курулушу боюнча уюштуруу иштеринин жүрүшүндө эки округга бөлүштүрүү шартында административдик башкарууну туура уюштуруу жана талаптагыдай башкаруу мүмкүн эместиги белгилүү болду. Областтык революциялык комитет эки округдук бөлүштүрүүдөн баш тартууга аргасыз болгон, анын жүйөөсү мисалы, Пишпек уездинин калкы абдан сейрек, айрыкча түштүк-батышында байланыш дээрлик жок болуп, бүткүл аймак боюнча эки гана биринчиси Пишпектен Караколго, экинчиси Кутмалдыдан Нарынга чейин болгон. Кара жолдордун жок болгону жооптуу кызматкерлердин борбордон катташы, билдирүүлөрдү жана каттарды жеткирүү өтө кыйынга турган. Албетте, мындай шартта округдун аппараты үчүн кеңири аймакты башкаруу кыйын эле.

1924-жылы ноябрда Каменскийдин төрагалыгы астында областты райондоштуруу боюнча комиссия жаңы административдик-аймактык бөлүнүүнүн зарылдыгын билдирген. Комиссия облревкомго жаңы райондоштурууну сунуштап, ККАОнун үч бирдиктен турган бөлүнүшүн: 1) областтык, 2) округдук, 3) райондук (ирилештирилген) болуштук максатка ылайыктуу деп табат. Сунушталган райондоштуруу боюнча област төрт округга – Пишпек, Каракол-Нарын, Ош, Жалал-Абад бөлүнгөн. Каракол жана Нарын уезддеринин, ошондой эле Пишпек уездинин Тоолуу районунун /Тоолуу болуштугунун/ баардык болуштуктары Каракол-Нарын округуна өткөрүү сунушталган.

8. 1925-жылдын 11-ноябрында түзүлгөн областтык райондоштуруу комиссиясы жана округдук комиссиялар бир нече улуттук болуштуктарды уюштурган жана төрт округдуу аралаш болуштуктар менен бир улуттуу болуштуктарды өзгөртүүсүз калтырган. Комиссиялар өз ишинде текшерилбеген материалдарды пайдаланышкан, бардык болуштуктар боюнча толук маалымат болгон эмес, бир катар уезддердин чек аралары такталбаган жана административдик бөүштүрүүлөр боюнча калктын пикири эске алынган эмес.

9. Кантондук системага өтүүгө анын СССРдин башка аймактарында (мисалы, Башкирияда, Татарияда ж. б.) болушу; улуттук жана уруулук өзгөчөлүктөр, чарбалык түзүлүш, табигый географиялык шарттар сыяктуу критерийлерди эске алуунун зарылдыгы; этникалык азчылыктарга өз алдынча башкаруу укугун берүү менен алардын маданий жана тилдик автономиясын эске алуу зарылдыгы сыяктуу себептер өбөлгө түзгөн.

Көңүл бурганыңыздар үчүн рахмат!

**Төрага:** Урматтуу кесиптештер, изденүүчүгө суроолоруңуздар барбы?

**Жакыпбеков Ж.:** Диссератция кыргыз тилинде жазылган. Сизге төмөндөгүдөй суроо. Биринчи бап "Илимий маселенин тарыхнаамасы" деп аталып, диссертациялык изилдөө темасы боюнча маалыматтарды, эмгектерди, материалдарды жана илимий басылмаларды тарыхнаамалоого талдоого арналган деген сүйлөмдөгү "тарыхнаамалоо" деген сөздү алып салып "талдоо" деп коюуш керек.

**Курманалиев К. А.:** Сиздин сунуштарыңызга толук макулмун, оңдоп кетем.

**Ормушев А. С.:** Россия империясына чейин административдик аймактык түзүлүш болгон эмес дегенди кандайча түшүнсөк болот? Жети-Суу областына кайсыл аймактар кирген?

**Курманалиев К. А.:** Россия империясына чейин административдик аймактык түзүлүш болгон эмес дегенибиз темага ылайык Кыргызстандын XX кылымдын 20-30-жылдардагы административдик түзүлүштү караганга ылайык жазылган.

Кийинки суроодогу эскертүүңүздү эске алабыз жана тиешелүү оңдоолорду жасайбыз.

**Кылычев А. М.:** Биринчи суроо: Монографиялардын ичинен А.Жуманалиевдин, З.Курмановдун, А.Койчиевдин, Ж.Жунушалиевдин, Б.К.Абытов, С.Смадияров, А.Тузовдун, ж.б.эмгектери кирет депсиз. Бул кайсыл эмгектер жөнүндө сөз болуп жатат.

Экинчи суроо: Диссертацияда 20-30-жылдарды жазып жатасыз, сөз ошол теманын рамкасында жүрүш керек эле да, сиз өйдө чыгып кетип жатасыз, ылдый түшүп кетип жатасыз.

Үчүнчү суроо: Практикалык сунушта кылдат мамиле кылуу керек деп коркутуп жататсыз. Мунун темаңызга кандай тиешеси бар?

**Курманалиев К. А.:** Суроонузга рахмат.

Биринчи суроого: Аларга А.Жуманалиев "Политическая История Кыргызстана", Образование и развитие Кыргызской государственности", З.Курманов "Политичекая борьба в Кыргызстане: в 20-е годы", А.Койчиев Национально-территориальное размеживание Ферганской долине (1924-1927)", Ж.Жунушалиев "Время создании и трагедии 20-30-е годы XX в.", Б.К.Абытов "Кара-Кыргызская Автономная Область: возрождение национальной государственности в эпоху советов", С.Смадияров "Становление и развитие государственного аппарата Кыргызской Республики в период ее автономии (1924-1936 гг.)" жана А. Тузовдун "Когда возродилась государственность Кыргызской Республики" монографиялары кирет.

Экинчи суроонуз боюнча. Ооба тема 20-30-жылдардагы административдик аймактык түзүлүш боюнча болуп жатат. Изилдөөнүн хронологиялык алкагын алсак изилдөө объектисине ылайык, XX-кылымдын 20-30-жылдарын, Кара-Кыргыз Автономиялык областынын, андан кийин Кыргыз Автономиялуу Республикасынын калыптануу жана өнүгүү мезгилин камтып жатат.

Үчүнчү суроо боюнча практикалык сунушта кылдат мамиле кылуу керек дегенибиз Азыркы мезгилдеги административдик-аймактык түзүлүштү реформалоодо 20-30-жылдардагы административдик түзүлүштүн экономикалык, социалдык жана саясий катачылыктарын кетирбөө максатында көрсөтүлгөн.

**Арзыматова А. А.** Биринчи суроо: Теманын актуалдуулугунда эгемендик алгандан бери 30 жылдан ашык убакыт өтсө дагы, Кыргызстанда улуттук-мамлекеттик түзүлүштүн эң татаал маселелери толук изилдене элек. Муну эмненин негизинде жазып жатасыз?

Экинчи суроо: Кара-Кыргыз автономиялуу областынын административдик-аймактык түзүлүшүнүн кандай калыптануу процесси жана этаптары такталды? Изилденип жаткан мезгилдеги Кыргызстандын административдик-аймактык түзүлүшүнүн тез-тез өзгөрүшүнүн кандай себептери аныкталды?

**Курманалиев К. А.:** Урматтуу Айнура Атыгаевна эгеминдик алгандан бери Кыргызстанда улуттук-мамлекеттик түзүлүштүн эң татаал маселелери изилдене элек дегенибиз буга чейинки корголгон илимий иштерде административдик-аймактык түзүлүш каралган эмес деген ойду бергенбиз.

Экинчи суроо боюнча Кыргызстандын административдик-аймактык түзүлүшүнүн калыптануу жана өнүгүү тарыхын үч этапка бөлүүгө болот. Алардын биринчиси Россия империясынын курамындагы Кыргызстандагы биринчи жолу административдик-аймактык бөлүнүү киргизилген мезгил. Экинчи этабы ККАО түзүлүп, округдук жана райондук-болуштук бөлүнүштүн пайдасына чечим кабыл алынгандан кийин башталган, үчүнчү этабы 1926-жылдын февраль айында Кыргыз Автономиялык областы КАССР болуп өзгөртүлгөндөн кийин башталган.

Кыргызстандын административдик-аймактык түзүлүшүнүн тез-тез өзгөрүшүнүн себептери улуттук жана уруулук өзгөчөлүктөр, чарбалык түзүлүш, табигый географиялык шарттар сыяктуу критерийлерди эске алуунун зарылдыгы; этникалык азчылыктарга өз алдынча башкаруу укугун берүү менен алардын маданий жана тилдик автономиясын эске алуу зарылдыгы болуп саналат

**Төрага:** Эгерде диссертантка башка суроолор жок болсо, сөз диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясына берилет. Корутунду менен таанышуу үчүн сөз профессор Алымбаев Жээнбек Байыскулович берилет.

**Алымбаев Ж. Б.:** Курманалиев Кубатбек Аманович тарабынан берилген 07.00.02 – Ата-Мекен тарыхы адистиги боюнча боюнча “Кыргызстандын XX кылымын 20-30-жылдарындагы административдик-аймактык түзүлүшү” деген темадагы диссертациясы менен таанышып чыктым.

Анын илимий ишиндеги негизинен Кыргызстандын XX кылымын 20-30-жылдарындагы административдик-аймактык түзүлүшү боюнча изилдөөсү талапка ылайык. Макалалары да чыккан. Ошону менен катар төмөнкүдөй кемчиликтер да бар.

1. Тарыхнаамада советтик жана постсоветтик доордогу авторлордун эмгектерин өз-өзүнчө бөлүп кароо керек.

2. Падышачылык империя мезгилиндеги Кыргызстандын административдик-аймактык түзүлүшү изилдөөнүн хронологиялык алкагына туура келбейт.

3. Илимий иштин темасы “Кыргызстандын XX кылымдын 20-30-жылдарындагы административдик-аймактык түзүлүшү”-, деп аталгандыктан Орто Азиядагы элдердин улуттук-мамлекеттик бөлүштүрүүсүн кароонун зарылчылыгы жок.

4. Илимий эмгекте грамматикалык, стилистик, орфографиялык каталар кездешет. Редакциялык ишти жүргүзүү талапка ылайыктуу.

К. А. Курманалиевдин “Кыргызстандын XX кылымдын 20-30-жылдарындагы административдик-аймактык түзүлүшү” аттуу 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн даярдалган диссертациясынын кол жазмасын жогоруда көрсөтүлгөн мүчүлүштүктөргө карабастан өз алдынча жазылган илимий эмгек деп эсептесе болот. Кыргыз Республикасынын Улуттук аттестациялык комиссиясынын кандидаттык диссертацияларга койгон талаптарына жооп берет.

**Төрага:** Эксперттер командировкада болгондуктан. Экперттердин корутундуулары оң болгондуктан окумуштуу катчы тааныштырса болот. Окумуштуу катчы Анара Карыевна эксперт, т.и.д. Болпонова Асыл Бакытбековнанын кортундусу менен тааныштырып бериңиз.

**Окумуштуу катчы:** эксперт, т.и.д. А. Б. Болпонованын корутундусу менен тааныштырды (корутунду тиркелет).

**Төрага:** Эксперт т.и.к. А. Бедельбаевдин корутундусу менен тааныштырыңыз.

**Окумуштуу катчы:** эксперт, т.и.к. А. Бедельбаевдин эксперттик корутундусун окуп, тааныштырды. (Корутунду тиркелет).

**Төрага:** Урматтуу диссертациялык кеңештин мүчөлөрү эксперттик комиссиянын корутундусу боюнча суроолуздар жок болсо, анда диссертациялык кеңештин токтомун бекитүүгө өтөлү.

Урматтуу кесиптештер, эксперттик комиссиянын корутундусун жана диссертациялык кеңештин Д.07.23.671 токтомун бекитүү үчүн добуш берүүңүздөрдү суранам.

**«МАКУЛ»: бир добуштан кабыл алынды.**

Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жана КР УИАнын Б. Джамгерчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институтуна караштуу тарых илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча Д 07.23.671 диссертациялык кецеши

**Токтом кылат**

1. К. А. Курманалиевдин “Кыргызстандын XX кылымдын 20-30-жылдардагы административдик-аймактык түзүлүшү” деген темадагы кандидаттык диссертация боюнча диссертациялык кеңештин эксперттик корутундусу бекитилсин.

2. К.А.Курманалиевдин "Кыргызстандын XX кылымдын 20-30-жылдардагы административдик-аймактык түзүлүшү" деген темадагы диссертациялык иши 07.00.02. - Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча коргоого кабыл алынсын.

3. Бекитилсин:

*Жетектоочу мекеме катары* – И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университеттин Гуманитардык жана коомдук илимдер кафедрасы сунушталат.

*Биринчи расмий оппонентике* – Болпонова А. Б. - тарых илимдеринин доктору, доцент.

*Экинчи расмий оппонентике* - Сырдыбаев Т. Т. - тарых илимдеринин кандидаты, доцент Ж.Баласагын атындагы КУУнун Тарых жана аймак таануу институтунун директору.

**Диссертациялык кеңештин төрагасы**
**т.и.д., профессор** **Осмонов Ө. Ж.**

**Окумуштуу катчы,**
**тарых илимдеринин доктору** **Карыева А. К.**



Scanned with CamScanner